**Ош мамлекеттик университетинин**

**Эл аралык билим берүү программалары колледжинин**

**Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн «Котормо иши (кытай тили)» адистигинин**

**Ата-энелер жолугушуусунун**

**№ 3 -протоколу**

**25.03.2022-ж.** **Ош шаары**

**1. Төрайым: Таштанова Ж.А. - Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы.**
**2. Катчы: Кадырбекова Г.К. - окутуучу.**
**3. Катышуучулар (каттоо баракча жана программа тиркелет)**

**Күн тартиби:**

1. Жолугушууну ачып берүү (Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы Таштанова Ж.А).

2. 2021-2022-жылынын 1-семестринин жыйынтыгы (ЭАББПКнын директорунун окуу иштери боюнча орун басары Ж.Акбаралиевна).

3. Студенттердин сабакта болгон жүрүм туруму жана катышуусу (ЭАББПКнын тарбия иштери боюнча директордун орун басары К.Кокчаев).

4. Ата-энелер тарабынан сабактан тышкары мезгилде студенттер бош убактысын өткөрүүсүн көзөмөлдө (ЭАББПКнын тарбия иштери боюнча директордун орун басары К.Кокчаев).

5. Үй-бүлөөдө жыныстык карым-катнаш туралуу тарбия (ЭАББПКнын тарбия иштери боюнча директордун орун басары К.Кокчаев).

6. Коррупцияга каршы күрөшүү (ЭАББПКнын тарбия иштери боюнча директордун орун басары К.Кокчаев).

7. Суроо-жооп (Катышуучулар)

1. ***Угулду.*** Ата-энелер жолугушуусунда Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы Ж.А.Таштанова катышуучулар менен саламдашып, Эл аралык билим берүү программалары колледжи, Коомдук дисциплиналар бөлүмү жана Предметтик-циклдык комиссия жөнүндө маалымат берип, колледждин жетекчилиги, окутучулар курамы менен тааныштырып өттү.

(Эскертүү: Кээ бир ата-энелер башка шаарда жана башка өлкодө болгондуктан аларга “Zoom” платформасы аркылуу байланышып, on-line жолкөугуушуга катышууга шарт түзүлдү).

**2-маселе.** ***Угулду:*** 2021-2022-окуу жылынын 1-семестринин жыйынтыгы жөнүндө Эл аралык билим берүү программалары колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары Ж.Акбаралиевна билдирүү жасап, презентация аркылуу колледжди тааныштырды.

**Сөзгө чыкты:**

1. 1-курсунда окуган Камбарова Аймээримдин агасы алыскы жакта жашаган студенттерди дүйшөмбү күнкү сабактарга кечигүү маселесин түшүнүү менен мамиле кылуусун суранып өттү.

2. Zoom платформасына катышкан Айпери Алмазбек кызы, баллдар боюнчада кененирээк маалымат айтып берүүсүн суранды, 60тан бир аз өйдө болсо ал “3” деген баа, ал эми “4” жана “5” деген баалар канча баллдан баштап эсептелет, кантип баллдар бөлүнөт ошолор боюнча кененирээк маалымат берүүсүн суранып өттү.

***Жооп:*** Эл аралык билим берүү программалары колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары Ж.Акбаралиевна, баллады топто саясаты жана анын шкалалары боюнча толук

Scanned with CamScanner

маалыма берип, модулдук рейтингдик системанын ылайык баллдык системаны баага которунун эрежелерине токтолду.

Аандан тышкары ар бир окутуучунун дисцилиналар боюнча студенттерге коюлган талаптары бар экендигин айтты. Ал эми Таштанова Ж. алыста жашаган студенттер сабака кечикпей келуусу үчүн жолго кеткен убактты эске алып, үйдөн эрте чыгууну сунуштады.

***2-маселе. Угулду:*** Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы Таштанова Ж. студенттердин сабакта болгон кызыгуусун жана студенттерге сабактан сырткары HSK, HSKK сынактарга даярдоо үчүн кошумча сабактар бекер түрүндө өтүлөрүн айтып өттү. Мындан сырткары студенттердин социалдык жашоосун кызыктуу болушу үчүн колледжде көптөгөн конкурстар, тематикалык кечелер, викторина, брейн-ринг уюштурулуп турарын баса белгилеп өттү. Кытай маданияты менен студенттерди тааныштырууда ОшМУнун Кыргыз-Кытай факультети колледжге көмөк көрсөтүп, студенттерге сабактардан кийин кружоктор уюштуруп; кытай каллиграфиясы, кытай сүрөт тартуу, кытай улуттук бийин, көркөм окуу ж.б сабактарга катышууга шарт түзгөнүн айта кетти. Кытай мамлекетиндеги Юйлинь университети менен келишим түзүлүп жатканын айтып, 4 жылга бакалаврга Кытайга бекер тапшыруу үчүн мүмкүнчүлүк түзүлгөнүн, окууга тапшыруу үчүн кандай талаптар бар, HSK кытай тили боюнча сынагын колледждин студенттери кандай тапшырып атат, кантип даярданышат ошол боюнча да кенен тааныштырды.

***Сөзгө чыкты:*** 1-курсунун студенти Раимкулова Бурайланын апасы сабактар өтүлүүчү аудиториялар кичине экендигин, балдардын парталары доскага аябай жакын жайгашканын, бул студенттерге ыңгайсыздык жаратаарын айтып, чара көрүүсүн суранды.

***Жооп:***

Эл аралык билим берүү программалары колледжинин директорунун окууиштери боюнча орун басары Ж.Акбаралиевна" "Кытай тили" циклы жаңы которулуп келгендиги жана аудитория жетишпегендигине байланыштуу, ОшМУнун Кыргыз-Кытай факультетин жатаканада жайгашкан аудиторияларга сабактар өтүлүп, ал жата тайпачаларга бөлүнүүчү тайпалар эле жөнөтүлөрүн", белгиледи.

***3-маселе. Угулду:*** Күн тартибиндеги 3,4,5,6 маселе боюнча ***К.Кокчаев*** студенттердин сабакта болгон жүрүм-туруму жана катышуусун катуу көзөмөлгө алуусун; ата-энелер тарабынан сабактан тышкары мезгилде студенттердин жүргөн жерин көзөмөлдөөсүн; үй-бүлөөдө жыныстык карым-катнаш тууралуу маалымат берүүсүн; коррупцияга каршы күрөшүү боюнча кандай иш-аракеттер жүрүп жаткандыгын айтып, ата-энелер окутуучулар менен тыгыз байланышта болуп, өз балдарын көзөмөлгө алуусун суранды.

ПЦК башчысы студенттердин практикасы боюнча презентация аркылуу тааныштырып, студенттер практикага чыгуусу аларга келечекте жумушка орношуусуна шар түзүп беришин белгиледи..

***4-маселе. Угулду:*** Ата-энелер жолугушуусу Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы Таштанова Ж. катышуучуларга жана "Zoon" платформасы аркылуу катышып жаткан ата-энелерге суроолорду берүүсүн айтты.

***Сөзгө чыкты:***

1. 1-курсунун студенти Токтакунова Алсунун атасы кытай тили негизги сабак болгондуктан акыркы 7-8 Кытай тили сабагын 1-2 сабакка жылдыруусун суранды.
2. Zoom платформасына катышкан Айпери Алмазбек кызынын ата-энеси, студенттердин сабакка катышуусун кайсыл жерден тактап коруп алса болоорун сурады.
3. Zoom платформасына катышкан ата-эне студенттердин жетишүүсүн, алган бааларын кайсы жерден текшерсе болот деп суроо узатты.

***Жооп:***

1. Эл аралык билим берүү программалары колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары Ж.Акбаралиевна кытай тили сабагын 1-2 парага жылдырып берүүгө аракет кылабыз, деп айтты.
2. Эл аралык билим берүү программалары колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары Ж.Акбаралиевна мурда "Келбил" тиркемеси колдонулуучу, бирок ОшМУ менен келишими бүткөн үчүн, азыркы учурда "ОшМУ студент" деген жаңы тиркемеден көрүүгө болорун айтты. Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы Таштанова Ж. 3чү маселе боюнча кураторлордон жана "ОшМУ студент" тиркемесинен да кенен маалымат алсаңыздар болот, деп жооп берди.

Scanned with CamScanner

**Эл аралык билим берүү программалар колледжинин Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн «Котормо иши (кытай тили)» адистигинин студенттеринин ата-энелери минен жолугушуунда колледждин струткралык бөлүмдөрүнүн жетекчилиги тара бериоген маалыматты угуп, талкуулап, сунуш жана пикирлерди эске алып**

**ЧЕЧИМ кылат:**

1. "Кытай тили", "Негизги чет тилдин рпатикалык курсу" предметтери окуу ирептемесинин 1-2 сабактарга жылдырылсын.
2. "ОшМУ студент" тиркемеси боюнча кураторлор ата-энелерге кенен маалымат берсин.
3. Аудиториялардын шарттарын жакшыртуу маселесин чечүү ОшМунун ректоратына карйлуу жасалсын.
4. Чечимди аткаруу бөлүм башчысы Ж.А.Таштановага жана окуу бөлүмүнүн орун басары Ж.Акбаралиевнага жүктөлсүн.

**Бөлүм башчы:** **Ж. А. Таштанова**

**Катчы:** **Г. К. Кадырбекова**

Scanned with CamScanner